2019-2020-окуу жылында ата-энелер менен бирдикте аткарылган иштерге анализ

*Мектепте окуучулардын билим сапатынын өсүшүнө ата-энелердин мектеп менен тыгыз байланышта болуусу түздөн түз таасирин тийгизет.*

*Сентябрь айынан баштап жыл аягына чейин мектеп менен ата-энелердин байланышы тыгыз болуп көп иш чаралар аткарылды.*

*Сентябрь айында жалпы ата-энелер менен чогулуш өткөрүлүп, мектептин жетишкендиктери жана мектеп кайсы жагынан начар болуп жаткандыгы айтылды.*

*Окуучулардын формасы, тазалыгы,тартиби жөнүндө сөз болду.Мектепте кыздар жана балдар үчүн "окуучулук" форма кабыл алынып,окуучуларды форма, окуу куралдары менен камсыздоо ата-энелерге милдеттендирилди. Ата-эне, мугалим,окуучу тарабынан үч тараптуу келишимдер түзүлдү.*

*Мектеп боюнча ата-энелер комитети түзүлүп, мүчөлөрү жана шайланды.*

*Октябрь айында Кылмыштуулукту алдын алуу максатында тартиби оор, үй-бүлөдө ата-энеси башка жакка иштеп кеткен, томолой жетим балдардын үйлөрүнө рейддерди жүргүзүп, көзөмөл кылып туруу үчүн атайын комитет түзүлдү.Мектеп менен тыгыз байланышта болуу үчүн ата-энелерди катыштырган иш чаралар өтүп турары белгиленди.*

*Сабакка келбей, сабактан качкан окуучулардын ата-энелери менен жекече сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү.*

*Класстарда ар бир ай сайын ата-энелер жыйналыштары өтүлүп, окуучулардын сабакта жетишкендиктери, кемчиликпери, тартиби жөнүндө талкуулашты.*

*Ноябрь айында жалпы ата-энелер жыйналышы өтүлүп, мектепте камкордук кеңеши ачылды.*

*Камкордук кеңешинин мучөлөрү , төрайымы шайланып, камкордук кеңешинин иши башталды.Ар бир класста ата-энелер жыйналышы өтүлүп, балдарынын 1-чейрек боюнча билим сапаты,жыйынтыгы айтылды.*

*Декабрь айында*

*кылмыштуулуктун алдын алуу максатында ар бир класстын ата-энелер комитети чогулуп, окуучулар арасында налог салуу, зордук зомбулукту алдын алуу, болтурбоо чаралары боюнча иш чара өтүлдү.*

Жаңы жылдык "Балаты" майрамына катышып балдарына белектерин берип, алар даярдаган концерттик майрамга күбө болуп кетишти.

Январь айында

Жарым жылдык жыйынтык чыгарылып,ата-энелер комитетинин билдирүүсү болду.

Окуучлардын 2-чейрек боюнча билимдери айтылып, жетишпеген, сабакты көп калтырганокуучулардын ата-энелери менен жекече сүйлөшүүлөр болду.

Февраль айында

Ата-энелер Ата Мекенди коргоо күнүнө арналган иш чараларга катышууга чакырылып, балдарынын өнөрлөрүнө күбө болуп кетишти.

Март айында

8-Март аялдардын Эл аралык күнүнө арналган  ачык тарбиялык сааттар энелердин катышуусу менен өткөрүлүп, энелер балдарынын өнөрлөрүнө күбө болуп, маанайлары ачылды.

Ар бир класста ата-энелер жыйналышы өтүлүп, балдардын тартиби, сабакка катышуусу, жетишүүсү боюнча класс жетекчилердин билдирүүлөрү болду.

Тартип бузган 9-классынын эркек балдарынын ата-энелери менен жекече сүйлөшүлдү.

ИДН кызматкеринин,администрациянын катышуусунда 9-класстын эркек балдарынын тартиби жөнүндө жыйналыш өткөрүлүп, ата-энелерге балдарынын тартибине үйдөн да катуу көзөмөлгө алууга милдеттендирилди.

Мугалимдер коллективинин, ИДН кызматкерлеринин,ата-энелердин катышуусу менен мектеп окуучуларынын тартиби, балдарды тарбиялоодо ата-эненин,мугалимдердин, коомчулуктун, айлана-чөйрөнүн  таасири жөнүндө ой толгоо жыйналышы өткөрүлдү.

Май айында коронавирус пандемиясына байланыштуу онлайн форматта (ZOOM, WhatsApp) тиркемелери колдонулуп класстык чогулуштур өткөрүлүп, жыл жыйынтыгы боюнча билдирүү болду.